Макулдашылды

Проюсоюз комитетинин

Төрайымы: Мирзаходжаева М.

"Бекитемин"

Мектеп директору: Сопонова

Жалал-Абад шаарындагы №22 жалпы негизги билим берүүчү

мектеби-мекемесинин мугалимдеринин кызмат нускамасы

1.Милдеттери:

1.1 Мектептин уставында көрсөтүлгөн талаптарга жана тартибинин негизинде иш алып барат.

1.2 Ата-энелердин даттануулары боюнча чыр-чатакты териштирүүгө катышат.

1.3 Мектептин администрациясынын чечимдерине жана буйруктарын аткарууга милдеттүү.

1.4 Жумуш учурунда окуу-тарбия иштери боюнча мектеп директорунун орун басарына толугу менен баш ийет.

1.5 Класстын окуу-тарбия иштерин уюштурат.

1.6 Окуучулардын укугун жана кызыкчылыгын коргойт.

1.7 Окуучулар жана мугалимдердин арасында педагогикалык этикасын сактайт.

1.8 Мектепти өнүктүрүү иштерине катышат.

1.9 Мектептин иш кагаздарын туура жана убагында толтурат.

1.10 Педагогикалык кеңештерине жыйындарына катышат, пед.консилиумдун бирикмелердин жыйындарына жана усулдук семинарга катышат.

1. 1 1 Класс арасында Кыргыз Республикасынын гимнин жана бардык символикаларын окуп үйрөнүү иштерин,адамгерчилик,гумандуулук жана боорукерликке,толерантгуулукка,мамлекетгик программа жана кыргыз элинин жана Кыргыз жеринде жашап жаткан башка улуттардын үрп-адаттарын, салттарын, окуп үйрөтүү иштерин уюштурат.

1.12 Мамлекеттик Билим берүү стандартынын негизинде окуу пландан жана программалардын окуучулар тарабынан өздөштүрүүсү ишке ашырат жана анализдейт.

1.13 Окутуу боюнча жаны технологияларды жайылтат,

1.14 Окуучулар арасында чейректик жана жылдык аттестацияларды өткөрөт.

1.15 Ата-энелер менен иш жүргүзөт.

1.16 Жогорку денгээлде сабактарда өткөрүү, сабактан жетишпеген,көп калтырган окуучулар арасында консультациялык сабактар өтөт.

1.17 Окуучуларды олимпиадаларга жана конкурстарга катышуусун уюштурат, даярдайт.

1.18 Квалификациясын жогорулатуу курсуна өзүнүн квалификациялык категориясын жогорулатуу аттестациясына катышуусун камсыз кылат.

1.19 Билим берүү мекемелеринде материалдык техникалык база ,техникалык коопсуздук эрежелеринин сакталышын,окуучулардын санитардыкгигиеналык режимин көзөмөлдөө.

1.20 Жаш өспүрүмдөрдүн укугун коргоо боюнча талаптарды уюштурууну камсыз кылуу.

1.21 Окуучулардын окуу куралдары,окуу-усулдук адабияттар камсыз болушун жана алардын сакталышына көзөмөл жүргүзөт.

1.22 Окуучунун класстан тышкаркы иштери боюнча, сабак учурунда өзүнүн жоопкерчилигиндеги окуучулар мектепте жүргөн убакта алардын өмүрүнө жана ден соолугуна жекече жоопкерчиликке милдеттүү.

## 11.Билиш керек:

2.1 Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мамлекеттин символикаларын,Билим берүү жөнүндөгү законун.

2.2 Жогорку жетекчиликтин жана башка мамлекеттик мекемелеринин тарбия иштерине тийиштүү чечимдерин.

2.3 Өз компетенциясына тиешелүү иш кагаздарын түзүүнү жана берүүнү.

2.4 Балдарды окутуп тарбиялоо боюнча Улутгук жана үй-бүлөлүк педагогиканын илимий-практикалык эрежелерин нормаларын.

2.5 Балдардын укугу боюнча конвенцияны.